**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**

**ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ**

**Эл депутаттарынын Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги онунчу сессиясы**

**Т О К Т О М №179**

2025-жылдын октябрь айынын 28и — Тамчы айылы

Айыл өкмөтүнө техника алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн чарба иштерин уюштуруу жана муниципалдык милдеттерди натыйжалуу аткаруу максатында, Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айыл өкмөтү үчүн «Мамлекеттик лизинг компаниясы» аркылуу техника алуу маселеси каралып, Эл депутаттарынын Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги онунчу сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айыл өкмөтү муктаждыктары үчүн төмөнкү атайын техникаларды ОАО « Мамлекеттик лизинг компаниясы» аркылуу лизингке алууга макулдук берилсин:

Асенизатор 10куб, FAW – 2 862 000 сом
Мусоровоз FAW JK6 16м3 - 3 897 000 сом
Автобус ISUZU SAZ HD 50 – 6 750 000 сом
HYUNDAI R1 40W -9S – 11 907 000 сом

2.Техниканы лизинг аркылуу алуу менен байланышкан чыгымдарды айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен төмөнкү өлчөмдө каржылоо бекитилсин:

- 2026-жылы – **5 473 328 (беш миллион төрт жүз жетимиш үч мин үч жүз жыйырма сегиз) сом**;
- 2027-жылы – **5 074 021 (беш миллион жетимиш төрт мин жыйырма бир) сом;**
- 2028-жылы – **4 674 992 (төрт миллион алты жүз жетимиш төрт мин тогуз жүз токсон эки) сом;**
- 2029-жылы – **4 279 280 (Торт миллион эки жүз жетимиш тогуз мин эки жүз сексен) сом**;
- 2030-жылы – **3 875 556 (үч миллион сегиз жүз жетимиш беш мин беш жүз элүү алты) сом**.

3.Тиешелүү суммалар 2026-2030 жылдар үчүн бюджет долбоорлоруна киргизилип, жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет.

4. Баштапкы төлөм катары 7 773 300 (жети миллион жети жүз жетимиш үч мин үч жүз ) сом суммасын белгиленсин. Бул сумманын ичинен 5 745 600 (беш миллион жети жүз кырк беш мин алты жүз) сом областтык өнүктүрүү фонд аркылуу жана 2 027 700 (эки миллион жыйырма жети мин жети жүз) айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнсүн. Бул сумма «Мамлекеттик лизинг компаниясынын» эсебине, өтүнмө бекитилген күндөн баштап 10 календардык күндүн ичинде төлөнсүн.

5. Айыл өкмөтү техниканы пайдалануу жана тейлөө менен байланышкан төмөнкүдөй кошумча чыгашаларды өз эсебинен каржылоону камсыз кылсын:

- бажы төлөмдөрү жана жыйымдар;
- транспорт каражатын мамлекеттик каттоо;
- камсыздандыруу;
-бузулуу, зыян келтирүү же техниканын толугу менен жоголушу учурларындагы чыгымдар.

6. «Мамлекеттик лизинг компаниясы» ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана тиешелүү башка документтерге кол коюу укугу айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин “Бюджет, экономика жана муниципалдык менчик” боюнча туруктуу комиссиясына, ошондой эле айыл өкмөтүнүн жетекчилигине тапшырылсын.

Төрага Н.Т.Иманалиев